Протокол №1

Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин педагогикалык кеңешинин отуруму.

29.08.2022-жыл.
Катышты: 65
Башталышы: $9^{00}$
Бүтүшү: $11^{00}$

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн комплекстик иш планын жана мектептин окуу планын бекитүү.
2. Жаңы окуу жылына карата педагогикалык кадрлардын курамын толуктоо, мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү, класстарга класс жетекчилерди, усулдук кеңештин курамын бекитүү. Күзгү сыноого калган окуучуларды класстан класска көчүрүү.
3. 1 - 4 - класстардын окуучуларынын тамактануусуна мектептин ашканасынын даярдыгы.
4. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн тизмесин сактоо, муктаж окуучулардын тузмесин алуу. Өрт техникалык коопсуздук эрежелери жана жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча иш чаралардын уюштуруунун абалы.
5. Ар түрдүү маселелер.

I, II маселе боюнча:

Угулду: Кушубакова Э.А.-мектеп директору.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

2022-2023-окуу жылындагы окуу тарбиялык боюнча комплекстик иш пландын мазмууну менен мугалимдерди тааныштырды. Ошондой эле быйылкы окуу жылындагы окуу программасын кабыл алуу менен аны ишке ашыруунун үстүндө иштөө керектигин баса белгиледи. Быйылкы окуу жылынын негизги максаты окуучулардын билим сапатын жогорулатуу, шаардык, областтык, республикалык олимпиадалардын даярдыгынын сапатын жогорулатуу, ЖРТ гө окуучуларды даярдоодо бардык бүтүрүүчүлөрдү тартуу. Ал үчүн бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелери, класс жетекчилери, предметтик мугалимдер бири-бири менен тыгыз иш алып барууларын баса белгиледи. Ошону менен катар быйылкы окуу жылындагы педагогикалык кадрлардын жаңы курамы менен тааныштырды.(тиркеме тиркелет).

Угулду: Байкучукова Д.М.-окуу бөлүмүнүн башчысы:

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

2021-2022-окуу жылында мектепте бир топ иштер жасалгандыгы жөнүндө кеңири маалымат берип өттү. Быйылкы окуу жылында да бул иштер улана берүүсүн баса белгиледи. Педагогикалык жамаатта бар. Ар бир предмет мугалимди өзүнүн жүктөмдөрү, сабактардын жадыбалы, эмгек тартиби менен тааныштырып өттү. Оондой эле 2022-2023-окуу жылынын башталышына карата класс-комплектиси боюнча да маалымат берип өттү. (тиркеме тиркелет). Күзгү сыноого калган окуучулар жок экендигин билдирди.

III маселе боюнча:

Угулду: Мадмарова З.И.-башталгыч кл.окуу бөлүм башчысы.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

Жаңы 2022-2023-окуу жылына карата мектептин ашканасы 1-4-класстын окуучуларына ысык тамак берүүгө даяр. Актоо, сырдоо иштери да толугу менен бүткөрүлдү. 1-4-класстардын ысык тамак ичүүсү үчүн жадыбалдар түзүлүп класс жетекчилерине жеткирилди. Быйылкы 1-класска келген окуучуларыбызды ата-энелердин жардамы менен бокал, тарелка менен камсыздоо керек. Ошону менен катар быйылкы окуу жылындагы ысык тамак уюштурууда ШБББ тарабынан берилген азык-түлүккө коумча азык-түлүк алып бергенге, ата-энелерге туура түшүндүрүү менен уюштуруу иштерин жүргүзүү керек.

Сөзгө чыкты: Кушубакова Э.А. - мектеп директору.

Сканировано с CamScanner

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: 1-4-класстардын ысык тамак ичүүсү боюнча ар бир класс жетекчи ата-энелер чогулуштарын өткөрүп, өткөрүлгөн чогулушту протоколдоштуруп, ата-энелерге туура түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр.

IV маселе боюнча

Угулду: Даткаева Б.Т. - соц. педогог.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду:

Мектеп окуучуларынын арасындагы аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөдөгү балдардын саны (былтыркы окуу жылы боюнча) 43. Аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдардын жашоо - шартынан кабар алып,жыл ичи класс жетекчилери менен биргеликте иш алып баруудабыз. Мектептеги мугалимдер жана окуучулар тарабынан чогулган тамак-аш, кийим-кече, окуу куралдары ж.б. жардамдар ушул окуучуларга таркатылып берилет. Кайрымдуулук фондунан көрсөтүлгөн мектеп формасы жана окуу куралдарын администрация, класс жетекчилер менен тактап муктаж болгон окуучуларга тапшырылат.

Угулду: Маман кызы Гулбарчын-окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

Өрт коопсуздугугнун алдын алуу боюча ар бир окуу жылынын башталышында мектеп ичинде Ы.Ө.С.К. кошуну түзүлөт. Бул кошунга мугалимдер жана окуучулардан мүчөлөр шайланат. Бир жыл бою бул коршундун мүчөлөрү менен иш алып барылды. Жаңы окуу жылына кошундун курамы жаңыланып, толукталат. Өрт коопсуздугу боюнча ар бир класс жетекчи түшүндүрүүиштерин жүргүзүп, ачылган журналга ар бир окуучуга кол койдуруп алышат. Мектептин ичинде түзүлгөн кошундун мүчөлөрүнө Ө.К.Мнин өкүлдөрү келип, жыл ичинде эки жолу окуулуктар өтүп беришти. Ал эми жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча транспорт кырсыктарынын алдын алуу, балдарга жол кыймылынын эрежелерин түшүндүрүү, “Жол тескөөчүлөрүнүн” иштерин натыйжалуу аткаруу максатында бир жылдык иш-чаранын планы түзүлүп, ал иш-чаралар өз убагында аткарылган. Жыл ичинде өрт коопсуздугу боюнча, жолдо жүрүүнүн эрежелерин бузуу боюнча иш катталган жок.

Жогорудагылардын сөзүн угуп жана талкуулап педагогикалык кеңештин отуруму чечим кылат:

1. 2022-2023-окуу жылын карата түзүлгөн комплекстик иш планы жана мектептин иш планы мугалимдер жамааты менен биргеликте талкууланып, такталып бекитилсин.
2. Кадрлардын курамын толуктоо, мугалимдерге окуу жүктөмдөрүн, класстарга класс жетекчилерди бекитүү жаңы окуу бөлүмүнүн башчысы Д.М.Байкучуковага милдеттендирилсин.
3. 1-4-класстардын ысык тамагын уюштуруу, азык-түлүктүн кымбаттаганына байланыштуу ата-энелер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, ата-энелер чогулуштарын өткөрүп протоколдоштуруу жагы башталгыч класстардын окуу бөлүмүнүн башчысы З.И.Мадмаровага жүктөлсүн.
4. Өрт коопсуздугунун алдын алуу, жолдо жүрүүнүн эрежелерин так сактоо боюнча иш-чараларды өткөрүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, уютуруу жагы тарбия завучу Маман кызы Гулбарчынга милдеттендирилсин.
5. Аз камсыз болгон, муктаж, ата-энеси Ооган согушунун катышуучулары, Чернобыль апаатынын катыуучулары, Баткен согушунун катышуучулары, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдары, ата-энеси майып окуучуларды төлөмдөрдөн соц. зашитанын справкасынын негизинде, ата-энесинин арызынын негизинде бошотуу жагы каралсын.
6. Жогорудугы аталган окуучулар менен жыл ичинде иш алып баруу, иш-чараларды уютуруу жагы соц. педагог. Б.Т.Даткаевага милдеттендирилсин.

Пед.кеңештин төрайымы: Ө.А. Кушубакова

Пед.кеңештин катчысы: Т.М. Исакова

Сканировано с CamScanner

Протокол №2

Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин педагогикалык кеңешинин отуруму.

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. I чейрек ичиндеги окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жөнүндө.
2. Тарбиясы оор мектепке келбей жүргөн окуучулар менен иштөөнүн абалы жана соц. педогогдун аткарган иштери жөнүндө маалымат.
3. Артыкчылык күбөлүккө жана аттестатка талапкер окуучуларды көрсөтүү жөнүндө жана олимпиаданын жетишкендиктерин көтөрүү боюнча окуу бөлүмүнүн башчысынын иш аракеттери.

Күнү: 14.11.2022-ж.
Башталышы: 16:30
Бүтүшү: 18:30
Катышты: 64
Катышпады: 3(себептүү)

I маселе боюнча:

Угулду: Байкучукова Д.М.-окуу бөлүмүнүн башчысы.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. 2022-2023-окуу жылынын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты: 41% ти түздү. Класстар боюнча токтолуп өтсөк 1,2-класстар бааланбайт. 3,4-класстарда билим сапаты: 47%. 5-9-класстарда 35%, ал эми10-11-класстарда билим сапаты: 55% ти түздү. Бул жерде баса белгилеп кете турган нерсе 5-9-класстардагы билим сапаты төмөн көрсөткүчтө болуп жатат. Ушул класстардын көрсөткөн көрсөткүчтөрүнө толугураак токтолуп өттү.

5 "а"-класста билим сапаты: 38% (кл.жет: Норалиева Г.)
5 "б"- класста билим сапаты: 38% (кл.жет: Ганыбай к.Б.)
5 "в"-класста билим сапаты: 30% (кл.жет: Аширбекова Л.)
5 "г"- класста билим сапаты: 33% (кл.жет: Мирзахадамова М.)
5 "д"- класста билим сапаты: 37% (кл.жет: Пайзиева Б.)
6 "а" - класста билим сапаты: 30% (кл.жет: Жолдошова
6 "б" - класста билим сапаты: 16% (кл.жет: Исмаилова У.)
6 "в" - класста билим сапаты: 56% (кл.жет: Алахунова М.)
6 "г" - класста билим сапаты: 39% (кл.жет: Дуйшаева О.)
7 "а" - класста билим сапаты: 20% (кл.жет: Аскарова К.)
7 "б" - класста билим сапаты: 46% (кл.жет: Мусаева Б.)
7 "в" - класста билим сапаты: 28% (кл.жет: Тавакулова Г.)
7 "г" - класста билим сапаты: 38% (кл.жет: Жолдошова К.)
8 "а"- класста билим сапаты: 18% (кл.жет: Даткаева С.)
8 "б"- класста билим сапаты: 52% (кл.жет: Ишанова Д.)
8 "в"- класста билим сапаты: 36% (кл.жет: Маражапова Н.)
8 "г"- класста билим сапаты: 33% (кл.жет: Нармурзаева А.)
9 "г"- класста билим сапаты: 39% (кл.жет: Мухтарова У.)
9 "б"- класста билим сапаты: 22% (кл.жет: Жакипова М.)
9 "в"- класста билим сапаты: 27% (кл.жет: Маман к.Г.)

Чейрек башында окуучулардын саны - 1237, ал эми чейрек аягында - 1201 окуучу болду. Келген окуучулардын саны - 32, кеткен окуучулардын саны - 67. Класстардын саны - 43. Бардык мугалимдер сааттар менен камсыз болушту. Окутулбай калган предметтер болгон жок. "2" деген баага окуган окуучу жок.

Сөзгө чыкты: Кушубакова Э.А. - мектеп директору.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. Быйылкы окуу жылынын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапатын эң төмөн көрсөткөн класстарды белгилөө менен II чейрекке карата класс жетекчилерине окуучулардын сабакка болгон катышуусун, алардын

Сканировано с CamScanner

үй тапшырмасын аткаруусун, сабакка болгон кызыгуусун, окуу китептеринин толук болуусуна өзгөчө көңүл буруунун милдеттендирди.
I маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башччысынын сөзүн угуп жана талкуулап пед.кеңештин отуруму чечим кылат:
1. Ар бир предмет мугалимдерине сабакты ОТКны, дидактикалык материалдарды, окутуунун интерактивдүү ыкмаларын пайдалануу менен сабак өтүү жагы милдеттендирилди.
2. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иштөө, алардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
3. Чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапаты төмөн болгон класстардын предмет мугалимдеринин жана класс жетекчилеринин иш-аракеттери белгиленсин.
4. I чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапаты "канааттандырарлык" деп табылсын.

II маселе боюнча:
Угулду: Маман кызы Гулбарчын-тарбия итери боюнча директордун орун басары.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. 2022-2023-окуу жылынын I чейрегинде ар бир класс жетекчи бөлүнүп берилген класс менен өздөрүнө тиешелүү иштерин аткарып, класстык, тарбиялык журналдарга окуучулар боюнча толук маалыматтар жазылып, сабактан себепсиз калган, тартип бузган окуучулар менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Ар жуманын 2-күнү бардык класстарда тарбиялык класстар өтүлдү.

Класстык тарбиялык сааттардын жана класстан тышкары иштердин аткарылышы жөнүндөгү маалыматтын тиркемеси тиркелет.

Негизинен бул чейректе тарбиясы оор, мектепке келбей жүргөн окуучулар катталган жок.

Угулду: Даткаева С. -соц. педагог.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. 2022-жылдын сентябрь айында 1-11-класстын окуучуларынын соц. абалы боюнча соц. папкалар түзүлүп такталды. Андан сырткары ар бир класс жетекчи менен байланышып окуучулардын сабактарга катышуусу боюнча маалымат алынды. 2022-2023-окуу жылына карата жылдык жана айлык иш пландар түзүлүп төмөндөгүдөй иштер аткарылды. (отчету тиркелет). Сабакка себепсиз келбей жаткан окуучулар болгон жок.

Сөзгө чыкты: Кушубакова Э.А.-мектеп директору.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, ар бир класс жетекчи класстык жана ата-энелер чогулуштарын өткөрүп, ал чогулуштарда ата-энелерге I чейректин жыйынтыгын жеткирүү менен II чейрекке карата ата-энелердин милдеттерин түшүндүрүп жеткирүүнү баса белгиледи.

II маселе боюнча: жогорудагылардын сөзүн угуп жана талкуулап пед. кеңештин отуруму чечим кылат:
1. Тарбиялык иштердин, соц. педагогдун иш-аракеттери "канааттандырарлык" деп табылсын.
2. Класс жетекчилерге ата-энелеринин кароосунда болбогон окуучулар менен тыгыз иш алып баруу, өзгөчө көңүл буруу жагы милдеттендирилсин.
3. Чейректин жыйынтыгы боюнча ар бир класстын класс жетекчилерине ата-энелер чогулуштарын өткөрүү милдеттендирилсин.

III маселе боюнча
Угулду: Байкучукова Д.М. -окуу бөлүмүнүн башчысы.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү. Быйылкы 2022-2023-окуу жылынын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча 9-класстардан төмөнкү ооучулар "эң жакшы" деген баага өздөштүрдү. Алар:
9 "а"-классынан: 1. Махаматумарова Ойша
2. Мухтарова Муслима
(кл. жетекчиси: Мухтарова Умида)

Сканировано с CamScanner

9 “б”- классынан: 1. Абдурахманов Фахридин
2. Абдухалимова Муаззам
3. Мурзаева Мохинур
(кл. жетекчиси: Жакипова Мээрим)

9 “в”- класснан: 1. Маткабулова Фериде
2. Абдумажитов Абдулазиз
(кл. жетекчиси: Маман кызы Гулбарчын)

Сөзгө чыкты: Мухтарова Умида -9 “а”-классынын кл. жетекчиси.

Бул окуучулар 1 - класстан баштап бардык предметтерден “эң жакшы” деген баага окуп келе жатышат. Ошондуктан бул окуучуларды өзгөчөлөнгөн күбөлүккө көрсөтүүнү сунуштайм.

Сөзгө чыкты: Жакипова Мээрим - 9 “б”- классынын кл. жетекчиси.

Бул окуучулар дагы 1 - класстан баштап бардык предметтерден “эң жакшы” деген баага окуп келе жатышат. Ошондуктан бул окуучуларды өзгөчөлөнгөн күбөлүккө көрсөтүүнү сунуштайм.

Сөзгө чыкты: Гулбарчын Маман кызы - 9 “в”- классынын кл. жетекчиси.

Бул окуучулар дагы 1-класстан баштап бардык предметтерден “эң жакшы” деген баага окуп келе жатышат. Ошондуктан бул окуучуларды өзгөчөлөнгөн күбөлүккө көрсөтүүнү сунуштайм.

Сөзгө чыкты: Кушубакова Э.А. - мектеп директору.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү. Өзгөчөлөнгөн күбөлүккө сунушталган окуучулар менен класс жетекчилер, педмет мугалимдери ата-энелери менен биргеликте тыгыз иш алып баруу керек.

Угулду: Байкучукова Д.М. - окуу бөлүмүнүн башчысы.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

Олимпиадага окуучуларды даярдоодо бир катар алгылыктуу иштер алып барылууда. Ар бир окуу жылында предметтер боюнча мектепте олимпиадалар өткөрүлүп келет. Өткөрүлгөн олимпиададан эң мыкты окуучулар тандалып алынат. Тандалып алынган окуучулар менен предмет мугалимдер тыгыз байланышта иш алып барышат.

2022-2023-окуу жылынын 4-ноябрь күнү 10-11-класстарда: кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, өзбек тили жана адабияты, англис тили, математика, физика, информатика, биология, тарых, география предметтери боюнча окуучулардын арасында олимпиада өткөлдү. Жыйынтыгында ар бир предметтен эң мыкты окуучулар тандалып алынды.

Сөзгө чыкты: Кушубакова Э.А. - мектеп директору.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолуп өттү. Мектептеги өткөрүлгөн предмет аралык олимпиадасынан тандалып алынган окуучулар менен ар бир предмет мугалим жогорку деңгээлде даярдык көрүшүнөр керек.

Жогорудагылардын сөзүн угуп жана талкуулап педагогикалык кеңештин отуруму чечим кылат:

1. Өзгөчөлөнгөн күбөлүккө көрсөтүлгөн окуучулар менен иш алып баруу класс жетекчилерге жана предмет мугалимдерине милдеттендирилсин.
2. Олимпиаданын жетикендиктерин көтөрүү боюнча жасалган иш - араккеттер “канааттандырарлык” деп табылсын.
3. Олимпиадага окуучуларды даярдоо жагы предмет мугалимдерине күчөтүгөн тартипте жүктөлсүн.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы окуу бөлүмүнүн башчысы Байкучукова Д.М милдеттендирилсин.

Пед.кеңештин төрайымы: Э.А Кушубакова
Пед.кеңештин катчысы: Г.М. Исакова

Сканировано с CamScanner